**УДК 657**

# БУХГАЛТЕР-АКТУАЛДУУ КЕСИП
# БУХГАЛТЕР-АКТУАЛЬНАЯ ПРОФЕССИЯ
# ACCOUNTANT-CURRENT PROFESSION

**Буланова З. Ш.,** ст. преподаватель
ЖАГУ ТИПФ

**Аннотация**: Макала бухгалтердик кесиптин актуалдуулугун аныктоого жана коомдогу анын ролун, бул кесиптин тарыхын, башка экономикалык адистиктер арасында бул кесиптин ордун чагылдырууга арналган

**Аннотация**: Статья посвещена выявлению актуальности профессии бухгалтера и ее роли в обществе, истории возникновения этой професии среди остальных экономических специальностей.

**Annotion**: The article is dedicated to identifying the relevance of the profession of an accountant and its role in society, the history of the emergence of this profession among other economic specialties.

**Түйүндүү сөздөр**: бухгалтер, кесип, иш тажрыйбасы, бухгалтердик эсеп
**Ключевые слова**: бухгалтер, профессия, опыт работы,бухгалтерский учет
**Keywords**: accountant, profession, work experience, accounting

Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө 50 миңге жакын кесип бар, алардын ар бири өзүнчө татаал жана кызыктуу.Жогорудагы кесиптердин ичинен бухгалтердик кесипке токтолгум келет.

Бухгалтердик кесип- кылымдарды арттырган,байыртадан келген жана кенен жайылтылган кесиптердин бири болуп эсептелинет. Алгачкы булактары миңдеген жылдарды камтыйт.

Бухгалтердик эсепти кайда, качан, кайсыл өлкөдө биринчи жолу колдонулганы тууралуу так маалыматтар жок. Бирок кээ бир адабий булактарга караганда бухгалтердик эсеп б.з.ч. 3000 жыл мурда пайда болгондугу тууралуу жазылат. Ал эми чарбалык эсептин тарыхы б.з.ч. 6000 жылдап саналат. Ошондукган ошол өткөн тарыхтын ажырагыс бөлүгү болуп, бухгалтердик эсептин басып өткөн эволюциялык жолу, практикасы жана калыптанган теориясы саналат- деп жазышат окумуштуулар [1].

Бухгалтердик эсептин пайда болуу тарыхын, анын басып өткөн, өсүп-өнүккөн жолун төмөндөгүдөй мезгилдерге бөлүп кароого болот:

1. *биздин заманга чейинки (б.з.ч) бухгалтердик эсеп;*
2. *орто кылымдагы бухгалтердик эсеп;*
3. *азыркы замандагы(а.з) бухгалтердик эсеп.*

Жыл өткөн сайын жеке жана коомдук менчиктеги биржалардын жана банктардын, өнөр-жайдын ж.б. мекеме-ишканалардын өсүп-өнүгүүсүнө карата XV-кылымдын аягында италиялык математик Фра Лука Бартоломео де Пачоли түзгөн бухгалтердик эсеп өзгөрүүгө дуушар болду.

Натыйжада, бухгалтердик эсептин керектүүлүгү артылып, бухгалтердик жумуш өз

алдынча кесипке ээ болду. Ошондон баштап бухгалтердик кесип билимди, интеллектуалдуулукту, ыкчам талдап ойлонууну талап кылган адистикке айлана баштады.

Бүгүнкү күндө бухгалтердик эсеп чарбалык механизмдердин бир бүтүн бөлүгү катары, базар экономикасынын шартында атайын тиешелүү бекитилген мыйзам-актылар жана нормативдик документтер аркылуу аркылуу коомчулукта колдонууда.

Өлкөбүздө базар экономикасынын бара-бара калыптанышы жана башкаруунун жаңы формаларынын пайда болушу жана жаңы стратегиялык өнүгүүлөрдү иштеп чыгуулар бухгалтердик эсептин алдына талаптарды жана тапшырмаларды коюуда.

Ишканалардын бухгалтердик эсебине болгон мамлекеттик түз көзөмөл жүргүзүү толугу менен жойулуда.Учурдагы бухгалтердик эсептин негизги максаты ишканалардын чарбалык процесстери жана ишмердүүлүктөрү жөнүндө анык натыйжаларды жана толук маалыматтарды жыйноо, аларды ички жана сырткы керектеечүлөргө жетиштүү жеткирүү болуп калды. Ошону менен катар учурда бухгалтердик эсеп базар экономикасынын маанилуу звеносуна, бизнестин тилине жана кирешелүү ишкердикке айланды.

Азыркы кезде Кыргызстандагы бухгалтердик эсептин эң башкы документи болуп 2002-жылдын 29-апрелинде жарык керген КР “Бухгалтердик эсеп жөнундө” №76 мыйзамы саналат. Ошону менен бирге, улуттук бухгалтердик эсеп системасы 2001- жылы кабыл алынган КОЭСнын принциптерине негизделген.

Ошентип азыркы мезгилде бухгалтердик эсепти мамлекет тарабынан ишканаларга коюу тартиби түп тамырынан өзгөрүлгөн. Эсеп системасы мамлекеттин катуу көзөмөлүнөн ажыратылып, ага мыйзамдын чегинде эркин жана өз алдышчалык берилген жана ишканалар өз ишмердүүлүктөрунө жараша эсеп саясатын аныктап алуу мүмкүнчүлугүнө ээ болушкан. Ошону менен бирге Кыргызстандагы бухгалтердик эсеп системасын жөндөө жана талдоо эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык жүргүзүлүүдө.

Базар экономикасынын шартында мекеме,ишканаларда бухгалтердик эсеп тиешелүү программалардын негизинде жүргүзүлөт, бирок биз эч качан унутпашыбыз керек, бул программа жумуштун ылдамдыгын көбөйтүү менен бирге жумуш ордун кыскартат. Ошондуктан биздин кесиптин кадрлары алдыңкы информациялык технологиялар менен камсыздалышы керек. Ал эми бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн негизги ыкмаларынын бири бул “кош жазуу” болуп эсептелет. Кош жазуунун негизинде чарбадагы жүргүзүлгөн операцияларга туура бухгалтердик проводканы берүү болот. Ал эми “Бухгалтердик кесиптин эң жооптуу бөлүгү - бул туура бухгалтердик проводка” берүү демекчимин. Ошондуктан жогорудагы бухгалтердик эсепти жүргүзүүдөгү программаларга бухгалтердик проводканы жогорку квалификациялуу бухгалтер гана бере алат. Окуу жайлардан алган студенттердин билими сөзсүз турдө практикада фундамент болуп эсептелет. Негизинен бухгалтерлердин милдеттерине компаниянын финансылык документтерин жүргүзүү, мекеменин бюджетин, киреше жана чыгаша булактарын түзүү кирет. Ошондой эле кесипкөй адистер эмгек акыны чегерүү, салык инспекциясына жана фонддорго тиешелүү отчетторду даярдоо жана тапшыруу менен алектенет жана алынган маалыматтардын тактыгын, акча каражаттарынын мыйзамдуу түрдө чыгымдалышы боюнча акчалардын чыгаша болушун көзөмөлдөйт.

Бухгалтерсиз жана бухгалтердик эсепсиз дүйнөнүн бир да экономикалык мекемесин элестетүү кыйын, айрыкча кичи жана ири ишканаларды айтпаганда. Заманбап

бухгалтер ишкананын бардык кирешелер жана чыгышаларынын эсебин жүргүзүү менен бирге, милдеттенмелерин эсептейт жана төлөйт. Бухгалтер, компаниянын канча акча каражаты бар жана кайсы максатта колдонулушу керек экендигин билет. Азыркы мезгилде бухгалтердик кесип абдан муктаж болуп эсептелинген адистик болуп саналат.

Бухгалтердин жумушу көп өлчөмдүү, ага активдерди, милдеттенмелерди жана өздүк капиталды эсепке алуу, кардарлар менен иштөө, отчеттуулуктун ар кандай формаларын түзүү жана аны тийешелүү мекемелерге өз убагында тапшыруу милдеттери турат.

Мекеме, ишканалардагы эсептин туура, так жүрүшүнө жана отчеттулуктун өз убагында тапшыруусуна башкы бухгалтер жоопкерчиликти алат. Кичи ишканаларда бардык бухгалтердик жумуштарды жалгыз бухгалтер өзү гана алып барат.

Бухгалтердик кесиптин түрдүү кесиптер сыяктуу эле, артыкчылыктары жана кемчиликтери да бар. Бул кесиптин артыкчылыгы башка кесиптерге салыштырмалуу карьердик өсүүдө перспективасы зор. Ишканага же фирмага бухгалтердин жардамчысы болуп орношуп, андан финансылык директор болгонго чейинки мүмкүнчүлүк бар. Дагы бир жакшы жактары, тажрыйбалуу бухгалтер өзү иш ачса, эмгек акыны кыскартуу менен бирге өз алдынча бухгалтердик эсепти алып барат жана отчетторду түзөт.

Бухгалтерлердин адатта, жумуш убактысы белгиленген. Ошондуктан бухгалтердин жумушу чакан бизнестин бухгалтерлерине кошумча киреше алууга мүмкүндүк берет.

Негизинен бухгалтердин кесиби барктуу, себеби ишканаларда бухгалтер башкаруучу жумушчулардын катарына кирет. Ал эми терс жактары боюнча жоопкерчилигинин жогору болушунда, эгерде финансылык жана салык эсептерин туура эмес жүргүзсө, кылмыш ишинин козголушуна түрткү болот. Ар бир кетирилген кемчиликтер бухгалтерди тартип-административдик, материалдык жана кылмыш жаза жоопкерчилигине тартылууга алып келиши ыктымал [2].

Бухгалтер бардык мамлекеттик мекемелерде, экономиканын ар кандай тармактарында (өнөр жай, курулуш, айыл чарба, кызмат көрсөтүүлөрдү), чакан жана орто бизнесте, каржы-кредиттик мекемелерде, салык органдарында, камсыздандыруу агенттиктеринде, пенсиялык фонддордо, ошондой эле банктарда жана инвестициялык фонддордо иштей алат. Бухгалтердик эсепти жүргүзүү иши толугу менен бир жагынан жумуш берүүчү тарабынан, ал эми экинчи жагынан каржы министри тарабынан нормативдик актылардын негизинде көзөмөлгө алынат. Жаңы мыйзамдар тез-тезден өзгөрүлүп турат, кээде абдан эле талаштуу болушу мүмкүн, ошондуктан мыйзамды жакшы билишибиз керек. Экономика багытындагы жогорку окуу жайлардын студенттерине "Экономикадагы укуктук-нормативдик актылар" сыяктуу предметтердин окутулушун сунуштайт элем.

Мекеме-ишканаларда бухгалтердик кесиптеги адамдарды жумушка алуу үчүн аларды тандоодо өтө маанилүү критерий катары анын иш билги тажрыйбасы эсептелинет. Ал эми жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жумуш берүүчүлөр тарабынан жумушка алууда, алардын окуу процессинин жүрүшүндө өтүлгөн практикалары, студенттердин жумуш тажрыйбасы болуп эсептелинсе, жаш муун кесип ээлеринин алгачкы кадамдары байсалдуу болот эле.

Бухгалтердик кесиптин ээси болуш үчүн орто жана жогорку финансы-экономикалык кесиптик билим алуу зарыл. Албетте, мындай билимди жогорулатуунун артыкчылыгы бар, себеби кесиптик бухгалтердин же аудитордун күбөлүгүнүн болуусу ал

үчүн ашыкча болбойт. Аны алуу үчүн атайын окуу курсун угуп, квалификациялык экзамендерди тапшыруу керек.

Биз негизги нерсени эстен чыгарбашыбыз керек, бухгалтердик жана салык саясатынын бардык жагынан билимдүү болгон тажрыйбалуу бухгалтер - бул баа жеткис кызматкер экенин.

Бухгалтер болуу - бул сыймык. Ал эми бухгалтердик кесип- жүз жылдан ашуун эски курулган бир система жана көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон баа жеткис эл аралык тажрыйбасы бар кесип болуп эсептелет.

Рыноктук экономиканын шартында жаш муундардын бухгалтердик кесипке кызыгуусун арттыруу үчүн теориялык алган билимин практика менен айкалыштыруу ЖОЖдун студенттерге билим берүүдөгү негизги талаптары болуп эсептелинет.

Бул макаламды жыйынтыктоодо кесип тандоо-бул өтө маанилүү маселе экендигин жана терең ойлоонуу менен туура чечим чыгарууга алып келет:

- биринчиден, өзүнөрдүн кызыгуунарды эске алуунар керек;
- экинчиден, өзүнөрдүн жөндөмдүүлүгүнөрдү баалашынар керек;
- үчүнчүдөн, өзүнөрдүн сапаттарынар менен кесиптин сапаттарынын дал келишин талдоо керек;
- төртүнчүдөн, кесип силердин жашоонордун өнүгүшүнө зор түрткү болуш керек;

Бухгалтер мекеме-ишканалардын жетекчисинин оң колу жана негизги кеңешчиси, компаниянын өнүгүшүнө эбегейсиз зор салымын кошот. Мындай кесип эч качан кызыксыз болушу мүмкүн эмес, кайрадан изденүү менен алган билимди туура колдонууну жана ал билимди дайыма өнүктүрүүнү талап кылат!

**Колдонулган адабияттар:**

1.Жанузаков Б.Ш.”Бухгалтердик каржылык эсеп”.Жалал-Абад, 2012ж.
2. КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамы №76 29 апрель 2002ж.

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жарыяланган **“2019-жыл – Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү”** жана **“Бухгалтерлер күнүнө”** карата **“Региондорду өнүктүрүүдө, эсеп жүргүзүүнү санариптештирүү – учурдун талабы”** – аталыштагы Эл аралык илимий-практикалык

**Конференцияга катышуу үчүн берилүүчү**

**МААЛЫМАТТАР**

1. **Аты, жөнү** Буланова Зуурракан Шаакыевна
2. **Өлкөсү** Кыргыз Республикасы
3. **Уюму** Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультет
4. **Кызматы** “Экономика жана информатика” кафедрасынын улук окутуучусу
5. **Илимий даражасы** жок
6. **Илимий наамы** жок
7. **Илимий билдирүүнүн аталышы** Бухгалтер-актуалдуу кесип
8. **Дареги** Жалал-Абад обл. Таш-Көмүр ш. Батма Кадырова көч. 47
9. **Телефону** 0773388052
10. **E-mail**